КЫР2
83.8
А36

Үмүт Айтбаева

# ЖАҢЫ ДОСТОР



Үмүт Айтбаева

# ЖАҢЫ ДОСТОР



*Сүрөтчү*
Жыргал Касмамытова

Бишкек 2023

УДК 821.51-93
ББК 83.84
А 37

А 37 Айтбаева Үмүт
**«Жаңы достор»** / сүрөтчү Жыргал Касмамытова.
– Б.: «Имак Офсет», 2023. 16 б.

ISBN 978-9967-33-236-2

Copyright © 2023. Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган. Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

CC BY

Бул китеп USAIDдин «Окуу керемет!» долбоорунун алкагында окуу материалдарын классификациялоо боюнча эксперттик топтун мүчөлөрү Б.А. Абдухамидова, К.Р. Акматова, Н.Т. Кабылбаева, Ж.А. Каримова, А.Ж. Муратов, Р.К. Султангазиева, А.Д. Токтомаметов, Б.Б.Топоева-Ставинскаянын катышуусу менен иштелип чыкты.

ISBN 978-9967-33-236-2


УДК 821.51-93
ББК 83.84

РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 35372 б/б

РБДЮ им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК



Айым менен Мээрим эгиз бир тууган. Экөө дайыма бардык ишти бирге жасашат. Чогуу ойношот, мектепке дагы бирге барышат. Эки ярустуу керебетте укташат.



Эгиз кыздардын абдан жакшы көргөн курбусу бар. Анын аты – Настя.

Үчөө мектептен келгенден кийин, көчөгө чыгып бир маал ойношот.



– Настя, бүгүн мектептен жаңы эмнени үйрөндүңөр? – деп сурады Айым.

– Төрттүн жадыбалын үйрөндүк. Эжей дагы жакшылап үйрөнгүлө деди.

– Биз жадыбалды былтыр эле жаттап койгонбуз, – мактана сүйлөдү Мээрим.

– Кандай сонун! Менин сунушум бар. Келгиле, анда жадыбал айтышып ойнобойлубу?

– Настянын сунушуна кошулабыз. Эң сонун идея! – деп Айым да кубаттады.

Ошентип кыздар ойноп жатышып ары жакта отурган баланы байкап калышты. Ал кыздардын оюнуна кызыгып карап турган эле.

Кыздар ал бала менен жакындан барып сүйлөшүүнү чечишти.

– Салам! Менин атым Мээрим. А сенин атың ким?

– Менин атым Нуртай.



– А биз болсо үчөөбүз доспуз менин эгизим Айым жана Настя.

– Биз жаңы эле мектептен келдик. А сенчи? – деди Настя.



– Мен мектепке барбайм. Мугалим эже өзү үйгө келип окутат, – деп үшкүрүп койду Нуртай.

– Ай-ий, кандай сонун! Эртең менен эрте туруп мектепке барбай үйдөн эле окуган жакшы да, – деп тамшанды Айым.

– Эмнеси жакшы? Мектепке барган кандай сонун!

Мен дагы балдар менен чогуу ойногум келет. Үйдө жалгыз окуган мага кызыксыз, – деди Нуртай.

Кыздар ойлонуп калышты.




– Мындан кийин сени менен чогуу ойнойбуз. Мектептен үйрөнгөнүбүздү сага да үйрөтөбүз, – деп Настя жылмайды.

– Силер чын эле мени менен ойнойсуңарбы? – деп Нуртай таң калды.

– Албетте, биз сени коляскаң менен сүйрөп алып жарышып чуркайбыз. Орто топ ойнойбуз, – деп Мээрим кол чаап жиберди.

– Бул жерде жолдор жаман. Таш көп болгондуктан, коляска менен жүргөн болбойт. Дөңгөлөктөрү сынып





калышы мүмкүн. Апам ошондон коркуп, колясканы абайлап айда дейт.

– Анда короодо эле ойнойбуз. Эң негизгиси, баарыбызга ыңгайлуу жана кызыктуу болсо болду, – деп кыздар Нуртайдын коляскасын сүйрөп короого кирип кетишти.

РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 353725/8



Нуртай жаңы достор менен таанышканына сүйүндү.

А кыздар болсо дагы бир дос тапкандарын бири-бирине айтып жатышты.

– Кыздар, эртең да силерди күтөм! – Нуртай досторуна кол булгалады.

Эми жалгыз эмесмин, менин досторум бар, – деп кубанычы койнуна батпай сүйүнүп жатты.

20с
РБДЮ
35372 б/ф

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Бул китептин басылышы АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен ишке ашырылды. Китептин мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт

*Автор*
Үмүт Айтбаева

*Сүрөтчү*
Жыргал Касмамытова

*Бул жана башка электрондук китептерди QR- код аркылуу окусаңыз болот*

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли

ЖЧК «Имак Офсет» басмаканасында басылды. Нускасы 6233
Бишкек шаары, Матросов көчөсү, 1А
imakofset.kg